КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №239 Кара-Коо айылы

Ала-Баш айылына бала бакчанын имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ала-Баш айылындагы эски мектептин ашканасынын жана китепканасынын ордуна бала бакчанын жаңы имаратын куруу, ошондой эле эски имараттарды бузуу иштеринен чыккан курулуш материалдарын айылдын керектөөлөрүнө пайдалануу жөнүндө маселеси боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ала-Баш айылындагы эски мектептин ашканасынын жана китепканасынын ордуна бала бакчанын жаңы имаратын курууга макулдук берилсин.

2. Бала бакчанын жаңы имаратын курууга байланыштуу эски ашкананын жана китепкананын имараттарын мыйзамда белгиленген тартипте бузууга уруксат берилсин.

3. Эски имараттарды бузуу иштеринен чыккан жарактуу курулуш материалдары, жабдуулар жана башка материалдык баалуулуктар тиешелүү комиссия тарабынан акт менен кабыл алынып, айылдын коомдук жана социалдык муктаждыктарына пайдаланууга макулдук берилсин.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner